● Нумизматтардын эсине!

# Коллекциялык моneталар дагы бешке көбөйдү

***Улуттук банк жаңы коллекциялык моneталарды чыгарды. Бул жөнүндө УБнын накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгынын эксперттик бөлүмүнүн башчысы Алексей Фалеев жана ошол эле бөлүмдүн башкы экономисти Медина Ашыралиева журналисттерге билдиришти.***

11-августтан тартып коллекциялык монеталардын беш түрү: “Кыргыз каганатынын доору” сериясындагы “Барсбек – кыргыз каганы” күмүш жана жез-никелден жасалган монеталар, “Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери” сериясындагы күмүш жана жез-никелден жасалган “Манастын күмбөзү” монетасы, ошондой эле “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясындагы “Үкү” күмүш монеталары жүгүртүүгө чыгарыла баштамакчы. Күмүш монеталар – 10 сом, ал эми жез-никель монеталар – 1 сом номиналында.







А.Фалеевдин сөзүнө караганда, “Барсбек – кыргыз каганы” монетасында Барсбектин ат үстүндөгү куралжарагы шайма-шай, көп сандаган жоокерлери менен турган элесин берип, монетанын жогорку бөлүгүндө илбирстин баш келбети түспөлүндө булуттардын сүрөттөлүшү чагылдырылган. “Манастын күмбөзү» монетасында “Манастын күмбөзү” жана “Манас” үчилтигинде баяндалган сюжеттеги баатырлар башкы элементтер болуп калышкан. Үстүбүздөгү жылы күмүштөн жасалган “Үкү” коллекциялык монетасы “Кыргызстандын Кызыл китеби” сериясын толуктады. Анын негизги сюжети - үкүнүн Кыргызстандын тоолуу пейзажынан орун алышы.

–Улуттук банк коллекциялык монеталарды чыгарып жатып Кыргыз Республикасын даңазалоону көздөйт, – дейт А.Фалеев. – Туристтик мезгил күчөп турган убакта бул тема абдан актуалдуу. Анткени, тарыхый инсандар, архитектуралык имараттар жана жаныбарлар чагылдырылган монеталар аркылуу калктын тарыхы жана маданияты, архитектуралык баалуулуктары, өлкөнүн жаныбарлар дүйнөсүнүн байлыгына карата элдин кызыгуусун жаратууга болот.



А.Фалеев жана М.Ашыралиева

Улуттук банк монеталарды чыгарууда эң акыркы технологияларды колдонууну улантууда. Айтсак, “Барсбек – кыргыз каганы” күмүш монетасында күңүрт аянтчада ат үстүндөгү жоокердин эффективдүү оюп басылышы, ал эми “Үкү” монетасында түстүү тампондук басуу ыкмасы колдонулуп, чебер чагылдырылган. Жаңы технологияларды колдонууга карабастан, монеталардын баасы салыштырмалуу кымбат эмес. “Барсбек – кыргыз каганынын” баасы 2000 сом, “Манастын күмбөзү” – 1800 сом жана “Үкү” – 1500 сом, ал эми жез-никелден жасалган монеталар – 100 сомдон турат. Монеталар Казакстан жана Словакиянын монеталык зерканаларынан чыгарылган.

**Т.ИСХАКОВ**